# "СЕЙИТБЕК" ПОЭМАСЫНДАГЫ РЕАЛДУУЛУКТУН ДЕҢГЭЭЛИ.

**ОРОЗОВА Г.Ж.**
*Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун жетектөөчү илимий кызматкери*

Элдик поэмалар мурда оозеки айтылып келсе XX кылымдан баштап кагазга түшүрүүлүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болду. Башкача айтканда, мурда фольклордук чыгармаларды таратуунун, муундан муунга калтыруунун жалгыз жолу аткаруучулук болгон. Эми чыгармачылыкта чыныгы фольклордук салтты сактап, миңдеген сап ырларды жадында тутуп, анын көркөмдүгү жогору, улуттук, элдик идеяны камтыган үлгүлөрүн түзө билген жаңы типтеги айтуучу жаратуучу акындар келди. Алар фольклордун жашашына мүмкүнчүлүк түздү. Мында аң сезимдүү чыгармачылык изденүү, жекечилдик да, оозеки эпикалык салттуулук да бар. Мындай синтез жазманын жаралышы менен шартталган.

Мына ушул жандуу чыгармачылык процесстин дагы бир туундусу – **"Сейитбек"** поэмасы. Бул поэма генеологиялык циклдешүү принцибинде түзүлүп, "Курманбек" эпосунун уландысы катары айтылат. "Сейитбектин" уландысы "Шырдакбек" болуп эсептелет.

"Сейитбек" поэмасынын О.Урманбетов жана Н.Адиев айткан эки варианты бар. Эки вариант дагы "Эл адабияты" сериясына жарык көргөн. "Сейитбек" поэмасын айтуучулар жогорку билимдүү, элдик оозеки чыгармачылыкка ышкыбоз, таланттуу инсандар. О.Урманбетовдун "Жаныш, Байыш", "Гүлгаакы", "Кыз Сайкал", "Жоодар-бешим" сыяктуу көркөмдүгү жогору варианттары бар экени белгилүү. Ал эми Нурдин Адиевдин да "Тариел менен Автандил", "Семетей", "Манас менен Алмамбет", "Эр Табылды", "Жортуул", "Курманбектин уулу Сейитбек", "Качкан кыздын баяны" сыяктуу элдик сюжеттердин негизинде иштеп чыккан чыгармалары бар. Айталы дегенибиз, эки айтуучунун да элдик сюжеттерди өздөштүрүүчүлүк, жаратуучулук тажрыйбасы мол. Ошонун натыйжасында көркөмдүгү жогору элдик поэма жаралган.

"Сейитбекти" изилдөөчүлөр (С.Закиров, Р.Сарыпбеков, Б.Кебекова, М.Мукасов ж.б.) жанрдык жактан тарыхый баатырдык поэма деп аташкан. Поэманын мазмуну, образдар системасы, окуяларынын бир сызыктуу жөнөкөй түзүлүшү мындай аныктамага туура келет. Поэманын сюжети төмөнкүчө: Атасы Тейитбек Телторуну бербей, жанында кырк жигити жок, жоого жалгыз барган Курманбек Дөлөндүн колунан каза табат. Күйүтүнө чыдабай Канышай да өзүн канжар сайып өлөт. Артында жалгыз уулу Сейитбек жетим калат. Курманбек өлүм алдында жатып досу Акканга уулун табыштайт. Сейитбек Аккандын колунда өз баласындай эркелеп чоңоет. Күндөрдүн биринде куш салып, аңчылыкка чыккан Сейитбектин алдынан Курманбектин жигити, 12 жыл баатырдын мүрзөсүн кайтарып жүргөн Зайырбек чыгат. Ушул эпизоддон баштап поэманын окуясы өнүгөт. Сейитбек өз ата-теги боюнча билсе да, тарынтып албайын деп Аккандан ачык сурап, кеп сала албай жүргөн болот. Зайырбектен өткөн тарыхты билип, Аккандын уруксаты менен элге жөнөйт. Сейитбек өз жерине, элине келип, атасынын ордуна кан шайланат. Курманбектин кегин кууп, калмактар менен согушуп, Дөлөндү өлтүрөт. Калмактар ээлеп алган жерлерди кайтарып алат. Кашкарлык соодагер Вазилкандын кенже кызы Мөл сулууга ашык болуп, үйлөнөт. Поэманын негизги мазмуну ушул. Сюжет баштан аяк эпикалык кыялый окуяларды чагылдырат. Сюжеттен тарыхта болгон окуяларды издөө мүмкүн эмес. Поэмадагы окуялардын турмуштук негизи болгон чыгар, бирок тарыхый даректүү баян эмес. Ошондуктан сюжеттин историзми жөнүндө сөз болгондо, ал "калмак доорун" чагылдырган, белгилүү тарыхый мезгилди жалпылап берген фольклордук чыгарма катары карайбыз. "Сейитбектин" сюжетиндеги окуялар да эпикалык чыгарма жаратуунун салтында иш жүзүнө ашырылган. Андагы негизги идея – душман колдуу болуп өлгөн сүйүктүү каармандын өлүмүн эл кабыл алгысы келбейт. Анын артында калган туягынын өч алуусу шарт. Сейитбек ата уулу, баатырдын тукуму катары ошол вазийпаны эрдик, баатырдык менен иш жүзүнө ашырат. Чыгарманын пафосу дагы, кульминациясы дагы ушул идеяда жатат. Сейитбектн образы элдик баатырларга мүнөздүү бардык касиет-сапаттар менен жабдылып, идеялдуу оң каармандын деңгээлине жеткириле иштелген.

Ал эми поэмадагы негизги каарман Сейитбек тарыхта изи бар, XVII кылымда өмүр сүрүп, казак ханы Эшим хан, Кашкар ханы Абд ал-Латифтер (Аппак хан) менен замандаш жашаган, Могол мамлекетинин саясий иштерине активдүү катышкан айтылуу Курманбек баатырдын уулу деп айтылат. Бул ой фольклордо, башкача айтканда, "Сейитбек" пэмасында гана айтылат. Ушул маалыматтын кандайдыр бир тарыхый негизи бар болду бекен деген ой менен Курманбекке байланыштуу тарыхый материалдарга кайрылдык.

Курманбектин саясий ишмердиги 1609-1619-жылдарда Моголстанда бийлик жүргүзгөн Шах

Шуджа ад-Дин Ахмад хандын тушунда башталып, хандын бийлигин бекемдөөдө баатырдык жүрүштөрдү жасап, натыйжада Баржуктун акими болгон. Андан кийин Шах Шуджа ад-Дин Ахмад хан каза болуп, ордуна анын уулу Абд ал-Латиф (Аппак хан) тактыга келет. Абд ал-Латиф (Аппак хан) 1619-1631-жылдары бийлик жүргүзөт. Курманбек Абд ал-Латифтин тушунда согуштук иштерге өтө активдүү катышып, Абд ал-Латифтин оң колу, эң ишенимдүү адамы болгон. Хан тарабынан сунушталып, Сарыколго, Кашкарга аким болот. Абд ал-Латиф менен Абд ар-Рахимдин ортосундагы согушта Абд ал-Латифти Курманбек, Абд ар-Рахимди Эшим хан колдогон. Курманбек Могол мамлекетинин эң таасирдүү эмирлеринин бири болгон.

Абд ал-Латиф хан ооруп, көзү өткөндөн кийин, анын небереси, (Тимур султандын уулу) Султан Ахмадды хандык (тарыхта Фулад хан деген ат менен белгилүү, 1630-1632 жана 1635-1638-жылдарда бийлик жүргүзгөн) тактыга отургузууда Курманбек чоң күч жумшайт. Ахмад хан Курманбек мырзаны, Латиф мырзаны, Кара Бахадур мырзаны, Хабиб мырзаны хан ордого чакырып, ар бирине ылайыктуу кызмат берген. Курманбекти Жаркенге аким кылып шайлайт. Бул тууарасында “Курманбек назначен хакимом Яркенда, многие чурасы заняли высокие воинские посты в столице. Курманбек руководил Центром армии во время сражения с Султаном Махмудом, в котором последний разбил своего брата и захватил престол”– деп жазылган. Ага инилер Султан Махмуд (Кылыч хан) хан бийлик талашып, Султан Махмуд (Кылыч хан) хан агасынан тактыны тартып алып, 1632-35-жылдарда бийлик жүргүзөт. Мына ушул учурда Султан Махмуд хан Курманбек, Латиф, Хашим, Кара Бахадур сыяктуу көптөгөн таасирдүү эмирлерди өлкөдөн кууп жиберет. Көрсөтүлгөндөй Курманбектин Махмуд хандан (Кылыч хан) кийинки б.а. 1632-35-жылдан кийинки тагдыры белгисиз. Ал эми эпостогудай Курманбек калмактар менен согушкан эмес. Ал Могол мамлекетинин мураскорлорунун ички, өз ара бийлик талашуу ж.б. окуяларына активдүү катышкан. Бул тарыхый окуялар Жунгар хандыгына (1635-1758) чейин болгон. Демек, “Курманбек” эпосунун сюжетиндеги калмак менен согуш, Курманбек менен Дөлөндүн окуясы, Канышай тууврасындагы окуялар тарыхый Курманбектин бейнесин шөөкөттөгөн көркөм ойлоп табуулар десек болот. “Курманбек” эпосу окумуштуу Б.Кебекова айткандай “өз доорунун тарыхый шартында калктын ой-сезимин ээлеп, үмүт-тилегин, учурдун проблемасын өз аймагына батырып турган реалдуу маселелерди, ичи ара бытырап, ата баланы, кошууну өз баатырын колдобой, ыдыраган калкты ынтымакташып биригүүгө, элдик каармандын тегерегине топтоп, калк эгемендүүлүгүн. Өз алдынчалыгын коргоого чакыруу идеясын” көздөгөн классикалык баатырдык эпос.

Негизинен Курманбек жөнүндөгү тарыхый маалыматтар Махмуд Ибн Валинин “Бахр ал-асрар”, автору белгисиз “Тарихи Кашкар”, Мухаммад Хайдардын “Тарихи Рашиди” жана Шах Махмуд Чоростун “Анис ат-Палибин”, “Хроника” деген эмгектеринде жазылган. Бардык тарыхчылар ушул булактарга таянышкан. Жогоруда айтылгандай Курманбектин саясий ишмердиги, коомдогу орду жөнүндө маалыматтар учкай болсо да бар. Ал эми анын пенделик өмүр жолу, үй-бүлөсү, бала-бакырасы тууврасында тарыхый маалымат кезикпейт. Ошондуктан, Сейитбек Курманбектин уулу экендиги жөнүндө тарыхый маалыматты табуу кыйын. Сейитбектин уулу деп эсептелген Шырдакбек тууврасында да тарыхый даректер арбын. Мына ушуга карап Сейитбектин прототиби болушу ыктымал деп болжолдоп, Курманбектин баласынын аты Сейитбек эмес, башка болушу да мүмкүн деп ойлоого туура келет. Себеби, фольклордо тарыхый онамастикалар эпикалык ысымдар менен, тарыхый топонимикалар эпикалык аталыштар менен алмашылып айтылышы кадимки мыйзам-ченемдүү көрүнүш. Тарыхый булактарда Курманбектин өлүмү кандай болгондугу тууврасында маалымат жок. Ошондуктан баласынын калмактан өч алуусун, же атасынын кайсы бир ишин улантышы тууврасында даректүү ой айтууга кыйын. Демек, Сейитбектин тарыхыйлыгы азырынча такталбаган маселе бойдон калат. Ал эми анын көркөм образы поэманын негизин түзөт. Дегеле, поэма жанрында эпостогудай монументалдуулук, фантастикалуулук же жомоктук элементтер орун албайт. Бул эпикалык жанрдын өзгөрүүгө учурап, реалисттик мүнөз ала баштаганын көрсөтөт. Ушул тенденцияны туура байкап, фольклорист илимпоз М.Мукасов “Сейитбектин элеси кыргыздын башка баатырдык эпосторундагы кадимки баатырлардын (Төштүк, Чубак, Сыргак, Курманбек ж.б.) деңгээлине көтөрүлө алган эмес. Көпчүлүк учуралрда ал реалдуулукка жакын, жай турмуштун адамы катары сүрөттөлүп, эпикага мүнөздүү болгон буркан-шаркан түшкөн албуут дух көрүнбөйт. Согуштук сценалар, баталиялык айкаштар деле жайынча баяндалып, курч драмалык мүнөздөргө ээ эмес. Эпикалык салт талап кылган “баатырдык үйлөнүү” мотиви бул чыгармада өтө жөнөкөйлөштүрүлүп, романтикалуулукка, жумшак лиризмге ооп турат” – дейт.

О.Урманбетовдун вариантында окуя кеңири баяндалган. Историзмдин принциптерин аныктай турган, азыркы мезгилде белгилүү географиялык жер, суу аттарынан 40 тай аталыш, каармандардан Сейитбек, Аккан, Зайырбек, Мөл сулуу, Вазилкан, Санжыргал, Бөрү баатыр, Эрке баатыр, Сана

сынчы, Эмилбек вазир, Тейиш кан сыяктуу окуяларга активдүү катышкандарынан башка ар кайсы окуя, эпизоддордо аттары саналган 26, Сейитбек менен бирге жоого аттанган 38 жигиттин аты аталат. Жалпы 70 жакын каарман катышат. Эл, уруу, уруктардан 23 атоо бар экен. Ал эми Нурдин Адиевде окуя кыскараак баяндалган. Ар бир окуя, эпизодго өзүнчө тема коюлуп, кара сөз менен ыр аралаш айтылат. Н.Адиевде 12 каарман, 10дон ашуун жер-суу аттары аталат. Реалиялардын поэманын талкууланышында, реалдуу жашоо шарттын мүнөздөлүшүндө көтөргөн жүгү болот. "Сейитбек" поэмасындагы бул көрүнүш эпикалык жанрдын жаңылануусун көрсөтөт. Башкача айтканда, коллективдүүлүккө караганда индивидуалдык чыгармачылык басымдуулук кылып, поэма жанрынын түптөлүшүн, калыптаныш этаптарын баамдоого болот.

Жыйынтыктап айтканда "Сейитбек" поэмасында белгилүү тарыхый доордогу олуттуу окуялар биринчи планда болуп, негизги баатыр каармандын иш аракети ошол тарыхый окуяларды, тарыхый фонду көркөм чагылдыруу үчүн шартка жараша ойлонулуп табылып, өзүнө ылайыктуу көтөргөн жүгү бар.

Поэмадагы историзм айрым мотивдерден (душмандан сактоо үчүн атадан калган туяктын башка жерде өсүп чоңоюшу, циклдештирүү принциби менен түзүлгөн чыгармалардагы атанын кегин, өчүн душмандан алуу, баатырдык үйлөнүү, элин, жерин душмандан бошотуп биримдикте, ынтымакта жашоо ж.б.), жалпы элдик идеядан, сюжеттин жаралышын шарттаган тарыхый окуялардан орун алган.

Поэмадагы топонимдер, этнонимдер конкреттүүлүккө, реалдуулукка ыктаган. Бул поэмадагы индивидуалдуу чыгармачылык салттын мүнөзүн көрсөтөт.

**Колдонулган адабияттар:**

**1.** Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият инстиутунун Кол жазмалар фондусу. Инв.№ 545, Инв.№857.

**2.** Курманбек. Сейитбек. Түзүп, баш сөздөрүн жазгандар: Б.Кебекова, Р.Сарыпбеков, М.Мукасов, О.Ахмедов.//"Эл адабияты" сериясы. 5-том. Б.1998.

**3.** Шах Махмуд Чурас. Хроника// Критический текст, перевод, комментарии¸исследование и указатели О.Ф.Акимушкина. М.:Наука, 1976. С.328.

**4.** Шах Махмуд Чурас. Хроника// Критический текст, перевод, комментарии¸исследование и указатели О.Ф.Акимушкина. М.:Наука, 1976. С. 27, 36, 39, 182, 183, 185, 190, 196, 198, 200, 201, 203, 205-208, 302, 305, 327-329; Бартольд В.В. Отчет о командировке в Туркестан. –Сочинения, т.VIII, М.1973. С.119-210.

**5.** Кебекова Б. "Курманбек". Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. III том. –Б.2004. 171-бет.

**6.** Мукасов М. "Сейитбек" Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. III том. –Б.2004. 336-бет.